# Эй, адамдар, динде аша чаап кетүүдөн сактангыла. Анткени, силерден мурдагылар динде аша чапканы үчүн кыйрап жок болгон" - деди

Ибн Аббас (Аллах алардан ыраазы болсун) айтат: Акаба күнү эртең менен төөсүнө минип бара жатып Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Мага таш алып берчи" - деди. Мен ага манжалары менен ыргыта тургандай жети таш алып бердим. Ал таштарды алаканына салып: "Ушундай (кичинекей) таштар менен (шайтанды) аткыла"- деди. Анан: "Эй, адамдар, динде аша чаап кетүүдөн сактангыла. Анткени, силерден мурдагылар динде аша чапканы үчүн кыйрап жок болгон" - деди.

[Сахих (ишенимдүү)] [Ибн Мааржа, ан-Насааи жана Ахмад жазып калтырган]

Ибн Аббас (Аллах алардан ыраазы болсун), коштошуу ажылыгында, курбандык күнү эртең менен Акабада таш атууга пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) менен бирге барганын айтат. Аны жерден шайтанга атчу таштардан алып берүүгө буйруйт. Ал жети таш алып берет. Анын ар бири мысыр буурчагы же фундук көлөмүндө болчу. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аларды колуна алып, ары-бери кыймылдатып, анан мындай дейт: Атканда ушундай өлчөмдөгү таштар менен аткыла. Андан кийин пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дин иштеринде аша чабуудан, оорлотуудан жана чектен чыгуудан тыйып эскертти. Анткени, өткөн үммөттөрдөн (кээ бири) динде чектен чыкканы жана ыгы жок оорлоткону үчүн кыйрап жок болгон.